Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети

(1924)

«БЕКИТЕМИН»

Ош МПУ ректору, п.и.д., проф.

Б.Б. Зулпуев

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ТЫШКЫ БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯЛАР ДЕПАРТАМЕНТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ БОЮНЧА ЖОБОСУ

Ош - 2022

1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Бул жобо ОшМПУнун тышкы байланыштар жана инвестициялар департаментинин (мындан ары - ОшМПУнун ТБжИД) ишин уюштуруунун, ЖОЖдун башка бөлүмдөрү жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүнүн укуктук статусун, түзүмүн, милдеттерин, функцияларын жана тартибин белгилейт.

1.2. ОшМПУнун ТБжИД - өзүнчө өз алдынча структуралык башкаруу департаменти катары окуу жайдын ректорунa түздөн-түз баш иет.

1.3. Структуралык башкаруу бөлүмүнүн мамлекеттик, расмий жана англис тилдериндеги аталышы: Тышкы байланыштар жана инвестициялар департаменти; – Департамент внешних связей и инвестиций, сокращенное; - Department of External Relations and Investments.

1.4. ОшМПУнун ТБжИД мамлекеттик жогорку окуу жайдын курамында түзүлгөн атайын тышкы байланышты түзүү менен ишмердүүлүгүн жүргүзүүчү структуралык башкаруу бөлүмү катары каралат.

1.5. ОшМПУнун ТБжИДин түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу КР "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын, КР Эмгек кодексинин жана башка ченемдик-укуктук актыларынын, ЖОЖдун уставынын негизинде Окумуштуулар кеңешинде каралат жана окуу жайдын ректорунун буйругу менен тастыкталат.

1.5. ОшМПУнин ТБжИДин түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу КР "билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын, КР Эмгек кодексинин, КРнын башка ченемдик-укуктук актыларынын жана ЖОЖдун Уставынын негизинде ишке ашырылуу менен Окумуштуулар кеңешинде каралып, окуу жайдын ректорунун буйругу менен тастыкталат.

1.6. ОшМПУнун ТБжИД ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүргүзүлөт. ОшМПУнун ТБжИД ишмердүүлүгүндө төмөнкү нормативдик-укуктук актыларга таянат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясына (05.05.2021);
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамы (30.04.2003. №92);
- Кыргыз Республикасынын "Тышкы миграция жөнүндөгү" Мыйзамы (17.05.2000. №61);
- Кыргыз Республикасынын "Качкындар жөнүндөгү" Мыйзамы (25.03.2002. №44);
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамы (14.12.1993. №1296-XII);
- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндө" (14.12.1993. №1296-XII);
- Кыргыз Республикасынын "Тарыхый мекенине кайтып келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө" (18.07. 2008. №157);
- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө" (19.10.2013. №195);

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси. (4.04.2004.№ 106);
- Кыргыз Республикасында билим берүү жөнүндөгү мамлекеттик доктринасы;
- Кыргыз Республикасынын "Кошумча кесиптик билим берүү жөнүндөгү" Жобосу (3.02.2004. №53);
- Кыргыз Республикасынын "Кайрылман статусун берүүнүн тартиби жөнүндөгү" Жобосу (23.06. 2015. №402);
- Мүчө мамлекеттердин жарандарына бирдей укуктарды берүү жөнүндөгү макулдашуу (29.03.1996);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндөгү" токтому (19.12.2016. №689);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жарандарына жеңилдетилген визалык режим колдонулуучу чет мамлекеттердин тизмесин бекитүү жөнүндөгү" токтому (7.02.2009. №87);
- "КР визаларын тариздөө жана берүү тартиби жөнүндөгү" инструкциясы (15.03.2017. №155);
- Кыргыз Республикасынын ББжИ, тышкы иштер жана саламаттыкты сактоо министрликтеринин нормативдик ички иш кагаздары;
- ОшМПУнун Устави;
- ОшМПУнун локалдык нормативдик иш кагаздары ж.б.

II. ТЫШКЫ БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯЛАР ДЕПАРТАМЕНТИНИН МАКСАТЫ, МИЛДЕТИ ЖАНА ФУНКЦИЯЛАРЫ.

2.1. ОшМПунун ТБжИДнин ишмердүүлүгүнүн негизги максаттары катары төмөнкүлөр каралган:

- ОшМПУнун тышкы байланышын өнүктүрүүгө көмөктөшүү менен эл аралык билим берүү жана илимий жамааттарда ЖОЖдун кадыр-баркын чыңдоо;
- тышкы кызматташтыктын формаларын кеңейтүү менен түзүлгөн эл аралык келишимдердин, макулдашуулардын жана меморандумдардын санын көбөйтүү;
- окутуучулардын мобилдүүлүгүнүн, тажрыйба алмашуусунун, билимин өркүндөтүүсүнүн жана квалификациясын жогорулатуусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу.

2.2. ОшМПУнун ТБжИДи чечүүчү, анын ишинин мүнөзүн жана багыттарын аныктоочу негизги милдеттери катары төмөнкүлөр каралган:

- билим берүү-усулдук-изилдөөчүлүк багытындагы биргелешкен эл аралык долбоорлорду жана программаларды аткаруу менен ЖОЖдор аралык алмашууларды жүзөгө ашыруу максатында жогорку билим берүү жана илим жаатында иштеген чет өлкөлүк билим берүү уюмдары менен ОшМПУнун тышкы кызматташтыгын өнүктүрүү;

- окуу жайлар аралык кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттарын аныктоо, ЖОЖдун тышкы байланыштарын келечектүү пландаштыруу, эл аралык кызматташтыктын пландарын жана программаларын иштеп чыгууга катышуу;

- жетишилген сүйлөшүүлөрго ылайык тышкы иш чөйрөсүндө иш-аракеттерди жүзөго ашырууда ЖОЖдордун башкаруу структураларынын, кафедраларынын жана башка бөлүмдөрүнүн ишин координациялоо;

- эл аралык программаларды, долбоорлорду ишке ашыруучу ОшМПУнун түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттерди координациялоо;

- чет өлкөлүк шериктеш ЖОЖдор (ЖОЖдор аралык кызматташтык) жана чет өлкөлүк жарандар менен жекече келишимдерди мыйзамдардын чегинде түзүү (акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишимдер);

- эл аралык ЖОЖдор аралык кызматташтык келишимдери боюнча чет өлкөлөрдө окутуу, стажировкалардан өткөрүү же квалификацияларын жогорулатуу, илимий жана окутуучулук иштер үчүн окутуучулардын мобилдүүлүгүн өнүктүрүү;

- ЖОЖдун эл аралык байланыштарын өнүктүрүү маселелери боюнча материалдарды даярдоо менен ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйындарына долбоорлорун сунуштоо;

- ЖОЖго келген чет өлкөлүк жарандар үчүн белгиленген тартипте чакырууларды, визаларды тариздөө жана каттоо маселелери боюнча кызматташуу.

2.3. ОшМПУнун ТБжИДне жүктолгон милдеттерге ылайык төмөнкү функцияларды аткарат:

2.3.1. Тышкы кызматташтыкты өнүктүрүү чегинде:

- эл аралык билим берүү жана илимий кызматташтык маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары, чет мамлекеттер, анын ичинде элчиликтер, эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү;

- ОшМПУнун бардык бөлүмдөрүнүн, анын ичинде билим берүү жана илим жаатында иштеген чет өлкөлүк университеттер жана башка уюмдар, ЖОЖдун шериктештери менен өз ара аракеттенүү үчүн жооптуу болгон эл аралык ишмердүүлүктү координациялык, ошондой эле, маалыматтык жана уюштуруучулук жактан колдоо;

- ОшМПУнун билим берүү кызматкерлеринин мобилдүүлүгүн уюштуруу жана колдоо, анын ичинде чет элдик окутуучуларды чакыруу;

- чет өлкөлүк билим берүү жана илимий мекемелер менен эл аралык кызматташтык жөнүндө келишимдерди даярдоо жана коштоо;

- ОшМПУга тажрыйба алмашуу, кызматташтыкты орнотуу, билим берүү максаттары менен келген чет өлкөлүк адистерди, делегацияларды кабыл алууну уюштурууга катышуу;

- шериктеш ЖОЖдордун эл аралык форумдарынын, симпозиумдарынын,

конференцияларынын, семинарларынын жана башка илимий иш-чараларынын секциялык иштерин уюштуруу;

- ОшМПУнун бөлүмдөрүнө чет өлкөлүк гранттарды жана келишимдерди алуу аркылуу эл аралык сынактарга катышуу үчүн каралган өтүнмөлөрдү түзүүгө көмөктөшүү;

- эл аралык иш-аракеттерди маалыматтык-аналитикалык жана уюштуруучулук жактан колдоо менен ОшМПУнун эл аралык ассоциациялардын жана кесиптик бирикмелердин ишине катышуусун жүзөгө ашыруу;

- оказание помощи преподавателям ОшГПУ в создании образовательных программ, организации специальных языковых курсов, а также в участии в летних образовательных школах;

- докоранттардын, аспиранттардын, окутуучулардын, ЖОЖдун кызматкерлеринин эл аралык билим берүү программаларына катышуусун коштоо;

- чет мамлекеттердин билим берүү жана илимий мекемелери менен эл аралык кызматташтыктын алкагында кат алышууларды жүргүзүү;

- окуу жайдын атынан тышкы мамилелерди түзүү максатында өкүлчүлүк ишин жүргүзүү.

2.3.2. Маалымат-аналитикалык иштердин чегинде:

- ОшМПУнун ТБжИД ишмердүүлүгүнүн багыттарында маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана анализ жасоо менен маалымдама-аналитикалык жана отчеттук документтерди жазуу;

- тышкы байланыштарды онуктүрүү боюнча чет өлкөлүк уюмдар, мекемелер, программалар жана долбоорлор жөнүндө маалыматтык-талдоо материалдарын даярдоо;

- тышкы байланыштарды өнүктүрүү боюнча ишке тиешелүү маалыматтык-презентациялык материалдарды даярдоого катышуу;

- ОшМПУ менен кызматташуу жөнүндө келишимдер боюнча маалымат базасын түзүү жана толуктап туруу.

2.3.5. ОшМПУнун Интернет-сайтын камсыз кылуунун шкагында:

- ОшМПУнун расмий сайтына жайгаштыруу үчүн ТБжИДке тиешелүү маалыматтык материалдарды даярдоону ишке ашыруу.

III. ДЕПАРТАМЕНТТИН НЕГИЗГИ ДОКУМЕНТТЕРИ

- ОшМПУнун иш кагаздарынын номенклатурасы;

- ОшМПУнун ТБжИДи жөнүндө Жобосу;

- ОшМПУнун ТБжИДнин кызматкерлеринин кызмат инструкциясы;

- ОшМПУнун ТБжИДнин иш планы;

- Чет өлкөгө чыгып жаткан кызматкерлерди жумуш ордунда инструктажды өткөрүү боюнча иш кагаздары.

IV. УЮШТУРУУ СТРУКТУРАСЫ ЖАНА БАШКАРУУ

4.1. ОшМПУнун ТБжИДнин структурасын жана штаттык жадыбалын окуу жайдын ректору тарабынан бекитилет. ОшМПУнун ТБжИДнин уюштуруу структурасына төмөнкү кызматтар кирет:

- департаменттин директору;
- департаменттин катчы-референти.

4.2. ОшМПУнун ТБжИДнин директору КР мыйзамдарынын негизинде окуу жайдын ректорунун буйругу менен кызматка дайындалат.

4.3. ОшМПУнун ТБжИДнин директорунун негизги функциялары, укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги кызмат инструкциясы аркылуу аныкталынат.

4.4. Катчы-референттин негизги функциялары, укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги кызмат инструкциясы аркылуу аныкталынат.

V. ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

5.1. Өз функцияларын ишке ашыруу процессинде ОшМПунун ТБжИДи мамлекеттик, эл аралык уюмдар, ошондой эле, ЖОЖдун кызматкерлери жана структуралык бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенет.

5.2. Жобо көрсөтүлгөн функцияларды ишке ашыруу үчүн төмөпкү уюмдар менен өз ара аракеттенет:

- эл аралык кызматташтык программаларын координациялоо жана тыгыз байланышты жүргүзүү, ошондой эле, эл аралык долбоорлорго катышуу маселелери боюнча - КР ББжИМ;
- консулдук камсыздоо боюнча – КР ТИМ;
- эл аралык билим берүү программаларына катышуу маселелери боюнча - Кыргызстандын жана эл аралык билим берүү фонддоруна;
- академиялык алмашуу жана биргелешкен билим берүү программаларын өнүктүрүү боюнча – чет элдик окуу жайларга.

VI. ДЕПАРТАМЕНТТИН УКУКТАРЫ

6.1. ОшМПУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнөн ТБжИДне жүктөлгөп милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды сурап алуу жана алуу;

6.2. ОшМПУнун ТБжИД компетенциясына кирген маселелер боюнча кеңешмелерге чакыруу жана өткөрүү. Ошондой эле, ОшМПУнун билим берүү кызматкерлерин иш чараларга тартуу;

6.3. Башка уюмдарга, мекемелерге жана ведомстволорго ТБжИДнин ишине байланыштуу масселелер боюнча кайрылуу;

6.4. ТБжИДнин функциясын аткаруу үчүн ОшМПУнун маалымат ресурстарын жана башка каражаттарын колдонуу;

6.5. ОшМПУнун башкаруу органдарына тыгыз байланышты жакшыртуу маселелери боюнча сунуштарын берүү.

VII. САКТОО

Бул Жобонун түп нускасы ОшМПУнун ТБжИДде иштердин номенклатурасына ылайык сакталат.

КАРАЛДЫ ЖАНА МАКУЛДАШЫЛДЫ:

ОшМПУнун кесиптик кошунунун төрагасы _____ А.Б. Кошбаев
(колу) (ФАА)
«___»_____20___ж.

ОшМПУнун юристи _____ Т. М. Карымшаков.
(колу) (ФАА)
«___»_____20___ж.

ОшМПУнун адистер бөлүмүнүн башчысы _____ А.Б. Кадыралиева.
(колу) (ФАА)
_____20___ж.